Жобо ИТЭИнин
Окумуштуулар кеңешинде
каралып, бекитүүгө сунушталган
Протокол № 23/11
29.06.2023-жыл

**Бекитем**
ИТЭИнин ректору
т.и.к. доцент Барпыбаев Т.Р.
_____________
___ ___ 2023-ж.

**Инновациялык технологиялар жана энергетика институтунда (ИТЭИ)**
**«Кыргызстан тарыхы», «Кыргыз тили жана адабияты», «Кыргызстандын Географиясы»**
**дисциплиналары аралык мамлекеттик аттестациялоо жөнүндө**

# ЖОБО

## I. ЖАЛПЫ ЖОБО

Бул жабо ИТЭИде «Кыргызстан тарыхы», «Кыргыз тили жана адабияты», «Кыргызстандын Географиясы» дисциплиналары аралык мамлекеттик аттестацияда студенттердин билимине көз-карандысыз жана объективдүү текшерүү максатында түзүлдү. Жобо компьютердик тестирлөөнүн жардамында студенттердин билимин баалоодогу методдорду жана инструменттерди аныктап, анны уюштурууга даярдыктын тартибин, уюштуруу жана өткөрүү, жыйынтыгын чыгаруу, талдоо, уюштурууга катышкандардын кызматтык милдеттерин жана жоопкерчилигин аныктайт.

Жобо мамлекеттик аттестация жөнүндөгү төмөнкү укуктук иш кагаздардагы эрежелерди сактоо менен ишке ашырылат:
1. Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамы
2. «Кыргыз Республикасындагы жогорку окуу жайлард амамлекеттик аттестациялоо жөнүндөгү Жобо» (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 29-майындагы №346 токтому)
3. «Кыргызстан тарыхы» дисциплинасы боюнча мамлекеттик аттестациянын программасы (Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин 2004-жылдын 19-февралындагы №102/1 буйругу)

Мамлекеттик аттестацияны (МА) уюштурууга жана өткөрүүгө кызматтык милдеттерине ылайык түзүмдүк бөлүмдөрдүн жетекчилери (институттун ректору, окуу бөлүмүнүн башчысы) жооптуу катары сынактын Жобого ылайык уюштурулушуна жооп берет. Тартип бузуулар аныкталган учурларда тиешелүү кызматкерлердин Кыргыз Республикасынын эмгек кодексине ылайык жоопкерчилиги каралат.

Мамлекеттик аттестацияны жалпы уюштуруу жана көзөмөлдөө окуу бөлүмүнө (ОБ) жүктөлүп, тиешелүү жетекчилер тарабынан көзөмөлдөнөт.

## II. ЖАЛПЫ МЕТОДИКАЛЫК ТАЛАПТАР

II.1. Аймактык билим берүү институтунда «Кыргызстан тарыхы» дисциплинасы боюнча мамлекеттик аттестация компьютердик тестирлөө менен (Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин 2012-жылдын 3-февралындагы №2-7/501 сандуу «Ата Мекен тарыхы» боюнча мамлекеттик сынакты бланкалык же компьютердик тест менен алуу жөнүндө рекомендациялык мүнөздөгү катынын негизинде) уюштурулат

II.2. Тестик база «Ата Мекен тарыхы» дисциплинасы боюнча мамлекеттик аттестациянын программасына ылайык иштелип чыгат

II.3. Тестирлөө үчүн колдонулуп жаткан программанын тиешелүү талаптарга жооп бериши жана шайкеш келиши боюнча жоопкерчилик программаны иштеп чыккан техникалык адиске (авторго) жүктөлөт.

## III. ТҮЗУМДҮК БӨЛҮМДӨРДҮН ИШ АРАКЕТТЕРИ

ОКУУ БӨЛҮМҮНҮН БАШЧЫСЫ (ОББ):

1. Компьютерлик тестирлөөнү (КТ) баштоого бир жума калганда окуу бөлүмүнүн башчысы (ОББ) тиешелүү материалдарды топтойт (студенттерди МА киргизүү жөнүндө буйруктары, окуу акыларынын төлөнүшүнүн маалыматтары, сынактык китепчелер, жыйынтык ведомосттору ж.б.)
2. Компьютерлик тестирлөөгө бир жума калганда ОББ тиешелүү обзордук лекцияларды уюштуруп, студенттерге маалыматтарды жеткирүүгө милдеттүү. Обзордук лекцияларды «Ата мекен тарыхы», «Кыргызстандын географиясы» жана «Кыргыз тили жана адабияты» предметтери бекитилген окутуучулар курамы өтөт.
3. Компьютерлик тестирлөөнү уюштуруу тартиби боюнча ОББ тайпаларда чогулуштарды өтүп, студенттерге түшүндүрүү иштерин жүргүзөт.

4. Институттун жетекчилиги мамлекеттик аттестациянын жүрүшүн көзөмөлдөөгө милдеттүү.

5. ОББ «Кыргызстан тарыхы» дисциплинасы боюнча мамлекеттик аттестациянын мүчөлөрүнө мамлекеттик аттестацияны уюштуруунун жана өткөрүүнүн эрежелери менен тааныштырат.

6. Мамлекеттик аттестация башталаардан үч ай мурун ОББ мамлекеттик аттестациянын курамын бекитүү тууралуу билдирүү даярдап, институттун Окумуштуулар кеңешине сунуштайт. Сунуш Окумуштуулар кеңешинде каралган соң, институттун ректору тарабынан бекитилет.

7. Жадыбалга ылайык тестирлөө күнү ОББ мамлекеттик аттестацияга кирүүчү студенттердин сынак тапшырууга убагында келүүсүн камсыздайт жана алардын өздүгүн аныктайт. Өздүгү аныкталган студенттерге институттун ректору тарабынан мамлекеттик аттестацияга кирүүгө уруксат берилет.

8.Мамлекеттик аттестацияга келбеген жана канааттандырарлык эмес баа алган студенттерди окуудан четтетүү боюнча билдирүү даярдайт.

9. Белгиленген мөөнөттө мамлекеттик аттестациялык комиссиянын төрагасынын (төрайымынын) мамлекеттик аттестациянын жыйынтыгы тууралуу эсеп-кысабын тапшыруусун камсыздайт.

ОКУУ БӨЛҮМҮНҮН ИНСПЕКТОРУ:

1. Мамлекеттик аттестацияны өткөрүү боюнча тиешелүү жетекчилер менен бирге жадыбал түзөт (багыттардын ар бир тайпалары боюнча студенттердин санына жараша сынак өтүүчү аудиторияда кезекти камсыздоо максатында)

2. Мамлекеттик аттестациянын уюштурулушун укуктук-нормативдик иш кагаздардын негизинде жүрүшүн көзөмөлдөйт.

3.Мамлекеттик аттестацияны нтехникалык катчысы менен биргеликте мамлекеттик аттестацияга кошумча буйрук чыккан студенттердин тизмесин тактайт.

4. Өздүгүн тактаган (сынактык китепче, паспорт, аскердик билет же айдоочунун күбөлүгү) документинин негизинде студентти мамлекеттик аттестацияга киргизүүсүн көзөмолдөйт.

5. Техникалык катчынын мамлекеттик аттестациянын жыйынтыгы боюнча иш кагаздарды (протоколдору, ведомосттору, сынактык китепчелери ж.б.) убагында бүтүрүп, окуу бөлүмүнө тапшыруусун камсыздайт.

6. Аткарылган иш-чаралар боюнча ОББ билдирүү берүүгө милдеттүү.

КОМПЬЮТЕРДИК АДИС:

1.Тесттик материалдардын базасын түзүү жана коргоо процедураларындагы конфиденциалдуулукту сактоого милдеттүү.

2. Мамлекттик аттестация башталганга бир жума калганда тесттердин даярдыгы, тестирлөөнү автоматташтыруучу программанын иштөөсү боюнча маалыматты ОБ тапшырат.

3.Тапшырылган иштерди оперативдүү түрдө компьютердик иргөөнүн жардамынд атестирлөөнүн жыйынтыгын чыгарат.

4. Комиссия мүчөлөрүнө студенттердин арызынын негизинде аппеляцияга кирип көрүүгө мүмкүнчүлүк түзүп берет.

5. Мамлекеттик аттестацияны уюштуруу учурунда компьютерлердин жана программалык камсыздоонун үзгүлтүксүз иштөөсүн камсыздайт.

МАМЛЕКЕТТИК АТТЕСТАЦИЯЛЫК КОМИССИЯНЫН МҮЧӨЛӨРҮ:

1. Тестирлөө жүрүп жаткан аудиторияда сөзсүз болуп, компьютердик тестирлөөнүн жүрүшүн көзөмөлдөөгө милдеттүү.

2. Компьютердик тестрилөөнү бузган студентти тест тапшыруу укугунан ажыратууга укуктуу (дисциплинардык тартип бузу аныкталган учурда ОБ тарабынан алдын ала берилген нормага ылайык протокол түзүп, бланкаларды кошуп ОБ тапшырат).

3. Компьютердик тестирлөөнүн алдында астуденттерге тести кантип тапшырууну түшүндүрөт.

4. Мамлекеттик аттестациянын жыйынтыгы боюнча студенттердин алган баалары коюлган ведомостко МАКтын төрагасы (төрайымы) жана мүчөлөрү тарабынан кол тамгасы коюлат.

5. Тесттин жыйынтыгынын протоколу комиссиянын төрагасынын (төрайымынын) жана мүчөлөрүнүн кол тамгалары коюлгандан кийин техникалык катчыгатапшырылат.

6. Мамлекеттик аттестациянын жүрушүндө жаралган талаш-тартыш маселелерди чечүү мамлекеттик аттестациялык комиссиянын мүчөлөрүнүн катышуусу, мамлекеттик аттестациялык комиссиясынын төрагасынын (төрайымынын) жетекчилиги менен жүргүзүлөт.

МАМЛЕКЕТТИК АТТЕСТАЦИЯЛЫК КОМИССИЯНЫН КАТЧЫСЫ:

1. Мамлекеттик аттестацияга бир жума калганда окуу бөлүмү тарабынан даярдалган студенттердин окуу планын аткаргандыгы тууралуу жетишкендигинин жыйынтык ведомостун, сынак китепчелерин, мамлекеттик аттестациянын ведомостторун камсыз кылат.

2. Мамлекеттик аттестациялык комиссиянын мүчөлөрүнө иштөө жадыбалы тууралуу кабар берет жана ар биринин мамлекеттик аттестацияга үзгүлтүксү зкатышуусун камсыздайт.

3. Окуу бөлүмү менен компьютердик тестирлөө өтүүчү аудитория боюнча макулдашат.

4. Мамлекеттик аттестациялык комиссиянын отурумунун протоколдорун, студенттердин сынак китепчелерин, ведомостторду жана башка нормативдик документтерди толтурат.

IV. МАМЛЕКЕТТИК АТТЕСТАЦИЯНЫ ТАПШЫРУУЧУ СТУДЕНТТЕРГЕ КОЮЛГАН ТАЛАПТАР

IV.1. «Кыргызстан тарыхы» дисциплинасы боюнча мамлекеттик аттестацияга окуу пландарын толук аткарган жана келишимдик акыдан карызы жок 2-курстун студенттери, окуу планындагы айырмага ылайык тапшырууга зарыл болгон башка курстардын студенттери катышат;

IV.2. Орто кесиптик билим базасында окуусун ЖОЖдо улантып жаткан студенттер да «Кыргызстан тарыхы» боюнча мамлекеттик аттестацияны тапшырышат.

IV.3. Жогорку билим базасында окуп жаткан студенттердин мурдагы дипломунда «Кыргызстан тарыхы» боюнча мамлекеттик аттестацияны тапшырган болушса, алар тапшырышпайт;

IV.4. Компьютердик тестирлөөгө катышууга уруксат алган студент, сынакка 10 мүнөт эрте келип, атайын уюштурулган жерге бардык окуу материалдарын (китептерин, сумкасын, телефонун ж.б. буюмдарын) калтырат дагы, сынакка тиешелүү тастыктоочу документтерин алып кирет;

IV.5. Тестирлөөнүн узактыгы 30 мүнөттү түзөт. Сынакка кирген студент өзүнүн тура жоопторун белгилеп чыгарылган протоколго кол коюп, комиссиягатапшырат.

IV.6. Тестирлөө учурунда шпаргалка колдонууга, сүйлөшүүгө жана эркин басып жүрүүгө тыюу салынат.

IV.7. Жободо белгиленген тартипти жана талаптарды бузган студент мамлекеттик сынакты тапшыруу укугунан четтетилет, тестирлөөдөн алган баллы комиссиянын протоколунун негизинде, комиссиянын төрагасы (төрайымы) тарабынан жокко чыгарылат.

IV.8. Сынактын жыйынтыгы менен макул болбогон студент МАКтын төрагасына (төрайымына) компьютерлик тестирлөө аяктагандан кийин, ошол эле күнү ишин карап берүү боюнча арыз жүзүндө кайрыла алат;

IV.9. Мамлекеттик аттестацияда компьютерлик тестирлөөнүн баасына макул болбогон студент, өзүнүн тестирлөө ишинин апелляциясына катышып, баалоонун объективдүүлүгүнө күбө боло алат. Апелляция ошол эле күнү мамлекеттик аттестация өткөрүлгөн жерде өткөрүлөт.

IV.10. Жыйынтык бааны чыгарууда, апелляциялык комиссиянын жыйынтыгы да эске алынат;

IV.11. Мамлекеттик атеестациядан «канааттандырарлык эмес» баа алган студенттер мамлекеттик аттестациянын токтомунун негизинде студенттердин катарынан чыгарылат. Мамлекеттик аттестацияны тапшыруу МАнын жалпы эрежелерине ылайык жүргүзүлөт;

IV.12. Студент жүйөлүүсебеп менен (алдын ала тастыкталган иш кагаздары – үй-бүлөлүк шартына же ден-соолгуна байланыштуу) мамлекеттик аттестацияга катышпай калса, студенттердин катарынан чыгарылбай туруп, мамлекеттик аттестацияны тапшырууга мүмкүнчүлүк берилет.

V. БААЛОО СИСТЕМАСЫ

Жыйынтык баалоо 100 баллдык система аркылуу жүргүзүлөт жана сынактык китепче менен ведомостко төмөнкү шкаланын негизинде коюлат:

| № | Тууражооптордун саны | Баллы | Баасы |
|---|---|---|---|
| 1. | 1-9 | 0-49 | «канааттандырарлык эмес» |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 2. | 10-13 | 50-65 | «канааттандырарлык» |
| 3. | 14-17 | 66-85 | «жакшы» |
| 4. | 18-20 | 86-100 | «эңжакшы» |

## VI. «КЫРГЫЗСТАН ТАРЫХЫ», «КЫРГЫЗ ТИЛИ ЖАНА АДАБИЯТЫ», «КЫРГЫЗСТАНДЫН ГЕОГРАФИЯСЫ» ДИСЦИПЛИНАЛАРЫ АРАЛЫК МАМЛЕКЕТТИК АТТЕСТАЦИЯНЫ КОМПЬЮТЕРДИК ТЕСТ ТҮРҮНДӨ ТАПШЫРУУДА АТКАРЫЛУУЧУ КАДАМДАРДЫН УДААЛАШТЫГЫ

1-кадам:

- тест тапшыруу тилин тандоо (кыргыз же орус тили)

2-кадам:

- Тиешелүү жолчодо сынак тапшыруучу күндүн датасын тандоо
- Сынак китепчесинин номерин жазуу

3-кадам:

- Факультеттин тандоо
- Кафедраны тандоо
- Тайпаны тандоо
- Студенттин аты-жөнүн киргизүү
- тести баштоого киришүү

4-кадам:

- тесттин суроосун тандоо
- суроолорду номери боюнча тандоо
- жооптордон туура варианты тандоо

**Эскертүү:**

- тести толук белгилеп бүтпөй туруп, аяктоону баспоо керек
- тести тапшыруунун убактысы 30 мүнөт